КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
АКНАЗАРОВ АЙЫЛДЫК АЙМАКТЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АКНАЗАРОВСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ

# Т О К Т О М

2026-жылдын 6-февралы №3 Кызыл-Октябрь айылы

**Акназаров айыл аймагынын айылдык кеңешинин токтомдорун,
иш кагаздарын мамлекеттик тилде киргизүүсү жана
кабыл алынуусу жөнүндө**

Акназаров айылдык аймактык кеңешинин 2026-жылдын 6-февралындагы кезектеги 13-сессиясы Акназаров айылдык аймагынын территориясында жашагандардын жалпы саны 12307 адам, анын ичинен 12 гана адам башка улуттар болуп, 99% кыргыздар болгондуктан,, мамлекеттик тилди билгендердин саны басымдуулук кылганына байланыштуу токтом кылат:

1 Акназаров айылдык аймагынын айылдык кеңешинин регламентинин IV- бөлүмүнүн 23-главасынын 2-пунктунун негизинде айылдык кеңештин токтомдору, иш кагаздары кыргыз тилинде гана кабыл алынсын.

2. Бул токтом жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын юстиция министрлигине жиберилип ченемдик укуктук актыларынын реестрине киргизүү үчүн Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жана көзөмөлдөө жагы Акназаров айылдык кеңешинин жооптуу катчысы С.Шабдановага жүктөлсүн.

4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **А.Коккозов**